УДК: 37:39

*Шамыркулова В. Т., окутуучу,*
*Каныбекова М., магистрант*
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ, Кыргызстан*

# БАЛДАРДЫ ТАРБИЯЛОО ТУРМУШТУН ТУТКАСЫ, ЭЛДИН КЕЛЕЧЕГИ, ТААЛИМ-ТАРБИЯНЫН ПРЕДМЕТИ КАТАРЫ

*Макалада кыргыз элинин тарбияга берген маани-маңызы жана ал түшүнүктүн чечмелениши, ошондой эле баланы тарбиялоодо турмуштун, элдин, ата-эненин, жакындарынын, ырым-жырым, каада-салт, үрп-адаттардын тийгизген таасирлери жөнүндө сөз болот. Элдик педагогикалык түшүнүк жана категория болгон тарбиялоо архаикалык педагогикалык термин катары каралып, маңызы улам тереңдеп, улам кеңейип, байып олтуруп, нагыз улуттук түр-түспөлгө ээ экендиги көрсөтүлдү.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *тарбия, ата-эне, элдик педагогика, этнопедагогика, каада-салт, бала, кыргыз, турмуш, архаика, тарых, генетика, эл, урпак.*

*Шамыркулова В. Т., преподаватель*
*Каныбекова М. К. магистрант*
*ИГУ им. К. Тыныстанова, Кыргызстан*

# ВОСПИТАНИЕ ДЕТЕЙ- КАК ЖИЗНЕННАЯ НЕОБХОДИМОСТЬ ДЛЯ БУДУЩЕГО И ПРЕДМЕТ ЕГО ИЗУЧЕНИЯ

*В данной статье говорится о придании кыргызским народом значения воспитанию, раскрытию этого понятия, также о влиянии воспитания на жизнь ребёнка, народа, родителей, близких, обычаев и традиций предков. Воспитание - архаический термин педагогики, рассматривается как понятие и категория народной педагогики, её сущность, углубляясь, расширяясь, обогащает и приобретает истинный национальный колорит.*

***Ключевые слова:*** *воспитание, родители, народная педагогика, этнопедагогика, обычаи, ребёнок, кыргыз, жизненный уклад, архаика, история, генетика, народ, наследие.*

*Shamyrkulova V. T., lecturer*
*Kanybekova M. K., master student*
*K. Tynystanov IGU, Kyrgyzstan*

# CHILDREN EDUCATION AS A VITAL NECESSITY OF THE FUTURE SOCIETY AND THE SUBJECT OF ITS STUDY

*The article covers the experience of educating the Kyrgyz in connection with the way of life of teir parents, teir customs, the influence of the way of life on the methods of education. The roots of the upbringing of the Kyrgyz go back to remote antiquity and are perceived as folk pedagogy or archaic pedagogy- the term is replenished over time, enriched and the peculiarities of raising Kyrgyz children differ. This article highlights this features/*

***Key words:*** *education, parents, folk pedagogy, customs, child, Kyrgyz, way of life, archaic, history, genetics, people, heritage.*

Бардык башка калктар сыяктуу эле кыргыздар дагы үй-бүлө куруунун башкы маңызы – балалуу болуу, аларды багып өстүрүү, адам катарына кошуу деп түшүнгөн. Демек, ата-энелик парз – тукум улоо, ден соолугу чың, рухий дүйнөсү бай, татыктуу адамдын өсүп жетилиши үчүн жоопкер болуу дегендик. Бала – үй-бүлөнүн тиреги, туткасы, ата-энелердин гана эмес, бүтүндөй журттун кайра жаралуусунун, өлбөстүгүнүн, өсүп-өнүгүшүнүн шарты. Элдик макалда «Балалуу үй – базар, баласыз үй – мазар», - деп айтылат. Кыргыз элинде амандашуу сыпатынын башкы темасы да бала жөнүндө. Адатта, адамдар бири-биринин ал-жайын, турмушун балдарынын бакубат өсүп-чоңоюп жатканына байланыштуу карашкан. Ушундан улам, учурашарда «Бала-чакаң аманбы?», «Ойноп-күлүп, чоңоюп жатабы?», - деп сурашса, коштошордо «Балдарың аман болсун», «Алардын бетинен өөп кой» деген жакшы сезимин, ак тилегин, каалоосун билдирет.

Жарык дүйнөгө көз жарып келген перзенттин эрезеге жетип, төрт тарабы шайма-шай адам болуп калыптанышы эмнелерден көз каранды? Кайсы факторлор башкы маниге ээ? Бул өңүттөгү элдик педагогикалык көз караштар эмнеге негизделген? Булардын баары адамзатты түп замандардан бери түйшөлтүп келген түйүндүү суроолордун катарына кирет. Кыргыз эли балдардын өсүп-өнүгүүсүндө ата-тек, башкача айтканда, тукум куучулук факторуна өзгөчө маани берген, адамдын тегине айрыкча басым жасоо менен, «Адам түбүн тартат», «Жакшыдан жакшы туулат, жамандан жаман туулат», - деп тыянак чыгарышкан. Бул элдик педагогикалык көз караш «Аккан арыктан суу агат», «Алма дарагынан алыс түшпөйт», «Казанда болсо, чөмүчкө чыгат» деген макалдарда да таасын туюнтулган. Бирок эл муну акыркы акыйкат катары караган эмес. Элдин пикири боюнча, жакшыдан жакшынын туулушу үчүн үй-бүлө куруунун, генетиканын эреже-тартиптери так сакталышы зарыл болгон. Антпеген күндө дээринен акылы кем, арабөк балдардын төрөлө бериши – мыйзам ченемдүүлүк. Патриархалдык коомдун идеологиясы, эркек адам малга гана бай болбостон, балдарга да, өзгөчө, уулдарга бай болуу талабын өзүнө камтыган мындай коомдо үй-бүлөнүн идеалы – көп сандаган тукуму бар үй-бүлө, баласыз калгандар өзүн эң бактысыз, бечара адам деп эсептеген. Патриархалдык феодалдык коомдун идеологиясынын бул жагы кыргыздын эпикалык чыгармачылыгында айкын чагылдырылган. Улуу «Манас» эпосундагы Жакып кан аялы толгото баштаганын уккандан кийин уулдуу болуусун көксөп, мындай деп айткан:

Байбичең тууйт дегенде,
Бай Жакып ыйлап каңгырап,
Бакырып ыйлап заңгырап:
Баласы жоктон жүдөдүм,
Жарылып кетээр жүрөгүм!
Ботосу жоктон майышып,
Ботосуз жүрдүм кайышып…
Эркек болсо, эр болсун,
Кыз болбосун, не болсун.
Кыз болсо, үйдө калыңар,
Кыймылдаба баарыңар.
Эркек болсо, чабыңар,
Талаадан мени табыңар.

Ошондой эле байлык топтоого жана аны өзүнүн тукумуна өткөрүп берүүгө умтулган бай көчмөн мал ээсинин үй-бүлөлүк идеалы Көкөтөй хан өзүнүн асырап алган уулу Бокмурунга керээзинде мындай деп билдирген:

Арбын дүйнө жыйнаса,
Арбып кетип жыйганы,
Жер жүзүнө сыйбаса,
Алганы туубай токтолсо,
Артында бала жок болсо,
Калса малы талаага,
Бербесе бөлүп балага,
Мал жайында турганы
Баарын бөлүп олжо дейт
Аталаш кыйыр тууганы [3: 4].

Эски кыргыз коомунда бул көз караштар жана салттар бир кыйла жандуу келип, балдарына карата мамилени, алардын үй-бүлөдөгү ордун аныктаган. Алар кыргыз аялына да таасирин тийгизген, алар үчүн бала төрөбөстүк орду толгус бактысыздык болгон. Балдарынын болушу же жок болушу өткөн убакта үй-бүлөдө, ошондой эле коомдо аялга карата мамилени бир кыйла өлчөмдө аныктаган. Кыргыздын «Бээ туумайынча, байтал аты калбайт, катын туумайынча, келин аты калбайт» [4: 8] деген макалы бар. Туубаган аялдын кадырсыздыгы дагы бир макалда «Туубаган катындан улактуу эчки артык [4: 27] деп ого бетер күчөтүлүп айтылган. Аялдын төрөбөстүгү анын гана кырсыгы эмес, бүткүл үй-бүлөнүн, өзгөчө, күйөөсүнүн кырсыгы катары каралган. Туубас аялдын күйөөсүнө жан тартып, боору ооругандык «Куу баш болчу жигитке туубас катын жолугат» [4: 40] деген макалда билдирилген. Туубастык башына түшкөн кыргыз аялы балалуу болбогонуна абдан катуу кайгырган. Анын ой-

максаты дайыма туубастыктан кутулуунун аргасын издөөгө багытталган. Кыргыз аялдары барган «дарылануунун» бардык жолдорунан жана ыкмаларынан терең архаизм байкалат. Туубастыктан дарылануунун эң көп колдонулган жолдорунун бири – «көчөт көчүртүү». Көптөн бери төрөбөгөн аял ал үчүн жасалган жети куурчакты жети үйдөн чогулткан. Ал бул куурчактарды жоолукка ороп, аны колтугуна басып, бүбү-кемпирди чакырган. Мууздалган койдун терисин туюк сыйрып алып, ачык моюнун жана бучкактарын тигип салганда чанач болуп калган. Этти бышырып, бардык сөөктөрдөн этин ажыратып алып, сөөктөрүн чаначка салышкан. Аны куурчактар менен кошо аял менен бүбү-кемпир жолдун кайчылашына алып барып, ал жерге чаначты калтырып, куурчактардын баарын чачышып, артын карабастан, үйлөрүнө кайтышкан. Мында «Балекет-салекет ушуну менен кетсин», - деп айтышкан. Туубастыктан даарылануунун толук «натыйжалуу» ыкмасы – касиеттүү жерлерге (мазарга) барып сыйынуу. Мындан сырткары, кыргыз үй-бүлөлөрүндө өлүм көп болгон, ал баланын төрөлүшүнөн да ашып кеткен. Бул жөнүндө объективдүү байкоочу мындай деп күбөлөйт: «Кара- кыргыздарда…өлүм сөзсүз баланын төрөлүшүнөн ашат: жок эле дегенде бул көрүнүш кээ бир жылдарда, маселен 1883-жылдарда байкалган… Көчмөндөрдө болгон көп ачарчылыктар, андан да көп жуттан малдын кырылышы элди жакырлантып, анын арасында баланын төрөлүшү төмөндөгөн». Кубат жеткис жумуш мойнуна түшүп, жарым-жартылай ачка жашаган аялдын өтө оор абалынын кесепетинен, ошондой эле тукум куучулуктун кесепетинен балдардын төрөлүшү азайган.

Кыргыз аялдарында кош бойлуу мезгили менен бир катар түшүнүктөр байланыштырылган, ал түшүнүктөрдө алдыда күтүлүп турган коркунуч да, кээ бир магиялык каражаттардын, ошондой эле анчалык түшүнүксүз физиологиялык көрүнүштөргө таасир көрсөтүүнүн ар түрдүү эмпирикалык ыкмаларынын жардамы менен бул коркунучту болтурбай коюунун аргасыз аракеттери да чагылдырылган. Төрөт баланы күтүүгө байланыштуу бардык камкордуктардын, кооптонуулардын жана үмүттөрдүн жеткен жогорку чеги болуп саналган. Төрөттүн натыйжасына үй-бүлөнүн жыргалчылыгындагы өтө көп нерселер байланыштуу болгон. Чыныгы медициналык жардам алуудан ажыраган артта калган кыргыз аялы аначылардын жана эмчи-домчу кемпирлердин колуна өзүн кыңк этпестен салып бергендиги таң калычтуу эмес. Көпчүлүгү аялдын ден соолугуна зыян гана алып келиши мүмкүн болгон ар кандай ишенимдер жана эмчилик ыкмалар төрөткө байланыштуу дал расимдерде бөтөнчө бекем сакталган.

Наристе пайда болгон алгачкы күндөр үй-бүлөдө, бир жагынан, өзгөчө кубанычка, экинчи жагынан, ымыркайдын өмүрүн сактап калуу

жөнүндө үзгүлтүксүз камкордуктарга жык толгон. Бул күндөр тырмактай бала үчүн да, анын алсыз энеси үчүн да өзгөчө кооптуу деп эсептелген. Бала төрөлгөндүгүнө байланыштуу ата- энелери сары майга көөлөнгөн талканды жентек деп меймандарды сыйлашкан. Үй-бүлөдө бала токтобогон учурларда баланын өмүрүн сактап калуу үчүн бүтүндөй бир катар дуба-демдерди жасашкан. Алардын ичинен жаңыдан төрөлгөн баланы чоочун аялга эмизүүгө берүү ырымы өзгөчө орунду ээлеген. Белгилүү убакыт өткөндөн кийин аны кайра алышып, бул баланы «сатып алуу» катары ырымдалган. Кээде аны чоочун үй-бүлөгө 3, 7 же 40 күнгө беришип, ал эми айрым учурларда, ал түгүл, энесине көрсөтүшкөн эмес. Баланы «сатып алууда» аны эмизген аялга акы катары баланын жынысына жараша тогуз буюм беришкен. Ошондой эле кыргыз үй-бүлөсүндө ат коюуга да зор маани берилген. Аны менен адамдын келечеги байланыштырылып, ага белгилүү мазмун киргизилген, ал наристенин тагдырына таасир тийгизүүгө тийиш болгон. Эпикалык «Эр Төштүк» поэмасында төмөндөгүдөй учур баяндалган:

Элеман бай кичинекей баласын мал кайтарууга мажбурлагысы келгендиги жөнүндө оюн аялына айтат. Аялы аны менен макул болбой мындай дейт:

Как баш экенсин, Элеман,
Бу баланын аты жок,
Аны кантип жибересиң?
Баланын атын койсокчу!
Анда туруп Элеман,
Койлорунан бир койду
Союп салды Элеман,
Эли-журтун чакырды,
Элине эт тартты дейт,
Эли этке тойгон соң,
Баланы колунан алып,
Жетелеп чыкты Элеман.
«Балама ат кой!- деди.

Элемандын алдынан аксакал киши чыгып, анын уулуна ат коёт [3: 6].

Мусулман идеологиясы бекемделгенден кийин бала төрөлөрү менен ага атты молдо же азанчы койгон, бирок көп учурда баланын атасынын өзү ат койгон. Кыргыз аттарынын арасында көп араб аттары жолугат, бирок деген менен алардын көпчүлүгү элдик тектеги аттар болгон. Балдардын атын жакшы тилек менен байланыштырууга аракеттенишкен. Айбанаттын жана канаттуулардын атын көп учурда балдары токтобогон үй-бүлөлөрдө беришкен. Бул үй-бүлөлөрдө балага анын өмүрүнүн узун болушуна көмөк

бергидей атты берүүгө аракеттенишкен. Эгер даяр бешик болсо, бешинчи-жетинчи күнү, же болбосо экинчи же үчүнчү күнү баланы бешикке бөлөшкөн. Бул күнү бешик тойго меймандар чакырылган. Баланы бешикке бөлөө өзгөчө ырым- жырым менен коштолгон. Кыркынчы күнү (кыркы) меймандар чогулуп, той өткөрүлгөн. Төрөлгөндөн кийин балага кийгизилген «ит көйнөктү» бул күнү чечип салышып, ага башка көйнөктү – «кырк көйнөктү» – кийгизишкен. Ал көйнөк менен баланын энеси бардык коңшу боз үйлөрдү кыдырып чыккан жана ал ар кандай кездеменин кырк курандысынан тигилүүгө тийиш болгон. Көп учурда жаңы төрөлгөн баланын чачын алган күнү (же бешик тою күнү) таякеси бала үчүн бүт кийимди даярдап энчилеген. Эркек балдары токтобогон үй-бүлөдө төрөлгөн баланын бутуна билерик кийгизишип, бир кулагына сөйкө салышып, көкүлүн өрүшүп, сүннөткө отургузганга чейин аны кыздай кийинтишкен. Ошондой эле кыргыздарда энесинин балдарына болгон мээрими назик жана эркелеткен бешик ыры, бөбөк ырларынан айрыкча билинет. Ал ырларда «ыйлабагын» деп жалбаруу, балага ар кандай каалоо- тилектер, эненин жана баланын жакындарынын турмушунан өмүр баяндык учурлар, энесинин жеке башынан өткөргөндөрү, жомокторду айтып берүү камтылган.

Көпчүлүгү кыймыл-аракеттүү жана мал чарбачылык турмуш-тиричилик менен тыгыз байланыштуу балдар оюндары, жалпысынан, кедей үй-бүлөлөлөрдүн баласынын жыргалсыз турмушунда көңүлүнө бир аз төтө болгон, балдар кичинесинен эле көбүнчө үй-бүлөнүн чоң мүчөлөрү менен бирдей эле эмгектенүүгө катышкан. Мусулмандык расимдин көз карашынан алганда, сүннөткө отургузууга зор маани берилген, баланы 3 же 7 жашында, көбүнчө ал беш жашка толгондо сүннөткө отургузушкан. Бул расим (кол адалдатуу, сүннөт) байларда чоң той өткөрүү жана ар түрдүү көңүл ачуу (күрөш, ат чабуу д. у. с.) менен коштолгон.

Үй-бүлөдө, негизинен, эркек балдар менен кыздардын абалы бирдей эмес болгон. Үйдүн ээси кыз эмес, эркек балалуу болууну артык көргөн, бирок кыздын төрөлүшү деле анчалык кайгырткан эмес, анткени кийин үй-бүлө кыз үчүн калың алмак. Мындан сырткары, атасы же энеси өлгөн, ошондой эле алар ажырашкандан кийин балдар оор тагдырга туш болгон. Атасы өлгөндөн кийин анын уулдары жана кыздары анын туушкандарында калган. Ажырашкан аял балага ээ болгон эмес, ал энелик укугунан биротоло ажыраган. Өткөн убакта асырап алуу адаты кеңири таркаган. Бул адаттын кеңири колдонулушунун негизги себептери аялдын төрөбөстүгүнүн учурлары, көп балалуу үй-бүлөлөрдө турмуштун оордугу, үй-бүлөлүк–туушкандык байланыштардын бекемдиги болгон. Көпчүлүк учурларда эркек тараптагы туугандарынын (көбүнчө эң жакын) уулдарын

(бир тууганынын уулун, небересин, жээн небересин) асырап алышкан жана тийиштүү тарбиясын берип келишкен.

Жалпылап айтканда, элдик педагогикада тарбиялоонун катуу тартипке келтирилген мыйзамдары, системага салынган билимдер, так илимий аныктамалар жана терминдер жок, анда элдин узак мезгилден берки тажрыйбасынан улам топтоп келген жамааттašып түзгөн акылман ойлорунун сырлары салынган кенч казынасы турат. Ошол казынаны качан керек болгондо эл өкүлдөрү ачып алып, андагы байлыктарды каалаганча керектүүлүгүнө жараша пайдалана берген. Андыктан окумуштуу А. Ш. Гашимовдун: «Элдик педагогика – эл массаларынын тарбия жаатындагы көз караштарынын, үрп-адат, каада-салттарынын жыйындысы. Анын объектиси – бардык жыныстагы, бардык жаш курактагы адамдар» деген сөзү өз орду менен тастыкталууда [5: 9]. Адам адам чөйрөсү менен гана адам жана ал элдик педагогиканын негизинде жашоонун нугуна салынат. Ошол себептен окумуштуу А. Э. Измайлов элдик педагогиканы «эл массаларынын тарыхый жана социалдык тажрыйбаларынан улам жаралып, практикада текшерилип, тастыкталып, муундан- муунга оозеки өтүп келген эмпирикалык билим, көндүм, ыкмалардын тутуму», - деп белгилеген [5: 9]. Адамдар ортосундагы бул улуу байланыш, өз ара тажрыйба алмашуучулук, бири-бирине арка-жөлөк болуп өстүрүп-өнүктүрүүчүлүк таасири элдик педагогикада өзгөчө бааланат. Төрөлгөндөн тартып эле адам адамдар менен белгилүү бир мамиледе болуп, ошонун натыйжасында элдин топтолгон маданияты менен салт- санаасын кабылдап жан дүйнөсүн байытат, элге аралашат. Элдик пикирлерге ылайык, баланын сырткы чөйрө, эл менен баарлашуу маданияты канчалык ар тараптуу болсо, анын маданий ыймандык сапаттары да терең мазмундуу болот. Ошондуктан балдарды кичинекей кезинен эле элге аралаштырган. Ушундан улам «Атан барда, эл тааны», - дейт эл макалы. Бул – атаң барда аны ээрчип жүрүп, элдин турмушун, салтын, ырым- жырымын, жорук-жосунун бил деген маанидеги накыл сөз.

Сөзүбүздүн акырында кыргыз элинин элдик тарбиясын учурда жайылтууну көздөп, жайылтып эле тим болбостон, аны билим берүү системасынын педагогикалык дисциплиналарында, тарбиялык сааттарда кеңири, туура пайдаланууга, ошондой эле мамлекетибиздеги жаштарыбыздын дилине сиңирүүгө чакырабыз.

**Адабияттар:**

1. Алимбеков А. Кыргыз элинин билим берүү салттары. -Бишкек, 2001.
2. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. - Бишкек, 1997.
3. Алимбеков А., Ыйсаева Н. Классикалык изилдөөлөр жана тексттер. Этнопедагогика. - Бишкек, 2018.

4. Ибрагимов М. Кыргыз макал, лакап, учкул сөздөрү. - Бишкек, 2008.
5. Муратов А. Кыргыз эл педагогикасы: табияты, таралышы жана тарыхы. -Бишкек, 2011.
6. Кыргыз элдик оозеки чыгармачылык тарыхынын очерктери. - Фрунзе, 1973.